Кабылан-Көл айылдык Кеңешинин 5- чакырылышынын кезектеги 24-отурумунун

# Т О К Т О М У

25. 05. 2022 -ж. № 24/2 Кабылан-Көл айылы

Айыл ичиндеги, суу боюна жакын курулган дааратканаларды, күл, ташталган таштандыларды тазалатуу иштерин жүргүзүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 14-июнундагы "Кыргыз Республикасында катуу тиричилик калдыктарын башкаруу системасын өркүндөтүү жөнүндөгү" № 415 токтомун аткаруу жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2016-жылдын 9-мартындагы № 125-буйругун турмушка ашыруу максатында айыл ичиндеги, суу бойлорундагы ташталган таштандыларды тазалатуу жана көрсөтүлгөн жерге ташып төгүү иштерин жүргүзүү жөнүндө депутат Аман уулу Саматтын маалыматын угуп, талкуулап Кабылан-Көл айылдык Кенешинин отуруму

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн аймагында катуу тиричилик таштандыларын таштоочу жайларды аныктап мыйзамдаштыруу максатында жер мыйзамында каралган талаптарга ылайык Курулуш айылынын этегинде пайдаланылбаган 0,04 га жер көрсөтүлүп берилгендиги белгиленсин.
2. Кабылан-Көл айыл өкмөтүнүн аймагында катуу тиричилик таштандыларын таштоочу атайын жайды көрсөтүп, айыл ичиндеги, суу бойлорундагы ташталган таштандыларды тазалатуу жана көрсөтүлгөн жерге ташып төгүү жөнүндө элдерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
3. Ушул токтомдун аткаруу айыл өкмөтүнүн башчысы Г. Мадаевге жана көзөмөлдөө жагы жер жана айыл чарбасы, экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Айылдык Кенештин төрагасы: Ш.Акаев